ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кыргыз тили дисциплинасынын 2022-2023-окуу жылы үчүн түзүлгөн жумушчу программасына ф.и.д., профессор
А. Т. Саттарованын жазган

пикири

Кыргыз тили дисциплинасынын жумушчу программасы эл аралык медицина факультетинин дарылоо иши адистигинин 1-курсунун студенттери үчүн түзүлгөн жана НББПга дал келет. Жумушчу программада аккредитациянын талабына ылайык окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын ишке ашыруу үчүн ЖК-1, ИК-3 компетенциялары туура тандалып алынып, ДОНдо, ТОНдо конкреттүү чечмеленип берилген. Жумушчу программанын мазмунун коммуникативдик жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу түзөт.
Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасынын жумушчу программасынын бардык бөлүмдөрү Блуммдун таксономиясы системасына негизделип иштелип чыгылган. Программада аталган дисциплина боюнча билим берүүдө таанып-билүү, өнүгүү жана тарбиялык аспектилерди ишке ашыруу максат кылынган.

Курсту үйрөтүүдө студенттер төмөнкү көндүмдөргө жана жөндөмдүүлүктөргө ээ боло тургандыгы көрсөтүлгөн:

- коомдук жайларда пикир алышууда өзүн жана башкаларды тааныштыра алышат, суроо бере билишет , берилген суроого жооп бере алышат;
- айтылган сунуш, чакыруу, суроолорго өз оюн билдирүүдө жөнөкөй фразаларды колдоно алышат;
- КРнын атрибуттары, маданияты, каада-салттары, үрп-адаты, тарыхы, көркөм өнөрү, улуттук өзгөчөлүктөрү, көрүнүктүү инсандары , кыргыз жазуучулары жана алардын айрым чыгармалары жөнүндөгү маалыматтарга ээ болушат. Өздөштүрүлгөн маалыматтарды озеки жана жазуу кебинде колдоно алышат;
- адистигине байланыштуу кеп үлгүлөрүн жана термин сөздөрдү оозеки жана жазуу кебинде колдоно алышат.

Түзүлгөн жумушчу программа 20 теманы камтыган тематикалык пландаштыруудан турат. Анда кыргыз тилинин лексикология, кептин стилдеринин оозеки стиль бөлүгү,кыргыз адабияты (элдик оозеки чыгармачылык, поэзия, проза ) боюнча тиешелүү темалар тандалып алынып, сүйлөө, окуу, жана жазуу ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Студенттердин өз алдынча иштөө жумуштары уюштурулган.

Программада студенттердин билимин учурдук жана аралык текшерүүлөрдөн өткөрүү каражаттары (учурдук жана аралык текшерүүнүн тапшырмалары, сынактык тесттик суроолор) иштелип чыгылган.

Ошондой эле программада:

- өтүлүүчү практикалык сабактардын болжолдуу үлгүлөрү;

- СӨАИнин мазмуну ( аткарылуучу тапшырмалар, аткаруунун үлгүлөрү);

- учурдук жана аралык текшерүүлөрдүн тапшырмалары;

- экзамендик тесттердин суроолору;

- сунушталган адабияттардын тизмеси;

- видео-аудиоматериалдар ( диалогдор, ж.б) берилген.

Практикалык сабактардын сапаттык деңгээлин жогорулатуу үчүн окутуунун ийкемдүү усулдары тандалып алынып, студенттердин өз алдынча ой жүгүртүүсүн, окуяга баа бере билүүсүн, кесиптик жана коммуникативдик компетенцияларын өнүктүрүүгө чоң өбөлгө түзөт.

Программанын мазмуну жана структурасы медицина адистиги үчүн кыргыз тилин окутуунун мамлекеттик талаптарына ылайык түзүлгөн жана адистик өзгөчөлүктөгү багыттар кеңири чагылдырылган.

Жумушчу программа ЖОЖдогу чет элдик студенттерге кыргыз тили дисциплинасын A1 деңгээлде окутуунун парктикалык курстарында колдонууга сунушталат.

ОшТУнун кыргыз жана орус тилдер кафедрасынын башчысы

п.и.д., профессор А. Т. Саттарова________________

ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Алиева Алтынай Камаловна
«26» 01 2023-ж.